# كلمات في القرآن

# Курандагы сөздөр

wamy
KYRGYZSTAN OFFICE


نور
وهداية

اللغة
القرغيزية

# Курандагы сөздөр كلمات في القرآن

القرآن كلام الله المنزَّل على
نبيه محمد ﷺ المعجِز بلفظه
ومعناه، المتعبَّد بتلاوته،
المنقول إلينا بالتواتر.

Куран-бул Аллахтын сөзү, Анын пайгамбары Мухаммад саллаллаху алейхи васалламга түшүрүлгөн, сөз жана мааниси боюнча муъжиза. Аны окуу менен ибадат кылынат жана  ал бизге «таваатур» жолу аркылуу жетип келген.



wamy
KYRGYZSTAN OFFICE

نور
وهداية

اللغة
القرغيزية

تحدَّى الله أن يؤتى بسورة من
مثل سور القرآن، وأقصرها
(سورة الكوثر) لا تتجاوز سطرًا!

Аллах Таала (пенделерге) Куран сүрөөсү сыяктуу бир сүрө чыгарууга чакырык салган, анын эң кыскасы болуп (Кавсар сүрөсү) эсептелет жана ал бир саптан ашпайт!



# Курандагы сөздөр كلمات في القرآن

قال عليه الصلاة والسلام: "إن الله يرفعُ بهذا الكتابِ أقواماً ويضعُ به آخرين" . (صحيح مسلم)

Аллахтын элчиси (Ага Аллахтын салам-салаваттары болсун) айтты: "Чындыгында, Аллах бул китеп менен кээ бир коомдорду бийик кылып көтөрөт жана кээ бирлерин басынтат". (Сахих Муслим).



قال نبينا محمد ﷺ: "خيركم من تعلمَ القرآنَ وعلَّمه". (صحيح البخاري)

Пайгамбарыбыз Мухаммад саллаллаху алейхи васаллам айтты: "Силердин эң жакшыңар Куранды үйрөнүп, үйрөткөнүңөр". (Сахих Бухари).



ملخص موضوعات
القرآن: التوحيد،
والتذكير، والأحكام.
والتذكير يشمل القصص
والوعيد.

Курандын темаларынын
жалпы мазмуну:
тавхид(Аллахтын
бирдиги), эскертүү жана
өкүмдөр. Эскертүү өзүнө
окуяларды жана
коркутуучу
эскертүүлөрдү камтыйт.



# Курандагы сөздөр كلمات في القرآن

تدبر القرآن مطلوب ليُعرف مقصدُ القرآن وهدفه، يقول تعالى: ﴿أَفَلَا يَتَدَبَّرُونَ الْقُرْآنَ أَمْ عَلَىٰ قُلُوبٍ أَقْفَالُهَا﴾

Курандын максаттарын билүү үчүн Куранга ой жүгүртүү талап кылынат.Алла Таала айтат: **«Алар Куран жөнүндө ойлонушпайбы же алардын жүрөктөрүндө кулпулар барбы?»** (Мухаммад:24)



# Курандагы сөздөр كلمات في القرآن



من مقاصد القرآن: إصلاح الاعتقاد، تهذيب الأخلاق، سياسة الأمة، التعليم، الإعجاز، الموعظة.

Курандын максаттарынын бири: ишенимди оңдоо, адеп-ахлакты түздөө, үммөт саясаты, таалим-тарбия, мужиза жана насаат.

wamy KYRGYZSTAN OFFICE

نور وهداية

اللغة القرغيزية

# Курандагы сөздөр كلمات في القرآن

محاور القرآن: التوحيد، الدلالة على الخالق، العبرة من القصص، البعث والجزاء، التربية والتشريع.

Курандын огу: Тавхид, Жаратуучуга болгон далилдер, окуялардан сабак алуу, кайра тирилүү жана жаза-сыйлык, тарбия жана мыйзам.



# Курандагы сөздөр كلمات في القرآن



يقول الباحث الأمريكي مايكل هارت في كتابه المعروف (المائة الأوائل): لا يوجد في تاريخ الرسالات كتاب بقي بحروفه كاملا دون تحوير سوى القرآن.

Америкалык изилдөөчү Майкл Харт өзүнүн белгилүү (100 улуу инсандар) аттуу китебинде мындай дейт: ***«Тарыхта Курандан башка толук бойдон өзгөрүүсүз калган бир дагы китеп жок.»***

من أعظم ما يُتقرَّب به العبد إلى الله تعالى منَ النَّوافِل: كثْرة تلاوة القرآن، وسماعه بتفكُّر وتدبُّرٍ وتفهُّمٍ



Пенденин Аллах Таалага жакындата турган эң чоң нафил ибадаттарынын бири – Куранды көп окуу жана ага ой жүгүртүү, пикир кылуу жана аны түшүнүү менен угуу.



قراءة سورة الفاتحة ركن من أركان الصلاة، لقول النبي صلى الله عليه وسلم: لا صلاة لمن لم يقرأ بفاتحة الكتاب

Фатиха сүрөсүн окуу намаздын важибдеринин бири, себеби Пайгамбар, саллаллаху алейхи ва саллам, айтты: «**Фатихасыз намаз жок.**» (б.а. толук эмес, кемчилиги бар намаз болуп эсептелет)